DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2021

*Төрөмырзаев Т.Т., Боронбаев Т.Ж.*

# УКУКТУК ЧЕНЕМДЕРДИН КООМДУК МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН КООМДОГУ ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛЫШЫ

*Торомырзаев Т.Т., Боронбаев Т.Ж.*

# ОБЩЕСТВЕННЫЕ ОБЯЗАННОСТИ ПРАВОВЫХ НОРМ И ИХ РЕАЛИЗАЦИЯ В ОБЩЕСТВЕ

*T.T. Toromyrzaev, T.Zh. Boronbaev*

# PUBLIC DUTIES OF LEGAL NORMS AND THEIR IMPLEMENTATION IN SOCIETY

*УДК: 340.134 (575.2)(04)*

*Макалада укуктук ченемдердин милдеттери, анын маанисинин жана коомдук дайындалышынын көрүнүүчү түрү болуп саналгандыктан, бул милдеттерди бөлүп чыгаруу жалпы укуктук системанын ичинде жүзөгө ашырылгандыктан, аларды кароодон мурда укуктун коомдук милдеттерин аныктоо зарылдыгынын жаралышы, анын мааниси жана коомдук дайындалышы боюнча аныкталган, укуктун коомдук чындыктын башка кубулуштары менен байланышын билдирген, негизги чечүүчү багыттагы таасири жөнүндө, коомдун социалдык талаптары белгилүү бир мамилелерди коргоочу же жөнгө салуучу мыйзамдарды түзүүдө негиз боло алчу укуктун дайындалышы, бул мамилелерди бекемдөө, коргоо жана өнүктүрүү муктаждыктарда гана тагыраак же даанараак көрүнөрү, укуктук ченемдердин юридикалык эмес түрлөрүнүн жүзөгө ашырылуусу, коомдун мүчөлөрүнүн аң-сезимине түзүнөн эмес, жүрүм-турумдун ченемдери жөнүндөгү калыптанып жаткан пикири аркылуу таасир этет.*

***Негизги сөздөр:*** *адаттар, жаратылыш эволюциясы, мыйзам ченемдүүлүктөр, табият, коом, өзгөрүү динамикасы, өз ара таасири.*

*Поскольку статья является видимым видом задач, значения и общественного назначения норм права, выделение этих функций осуществляется в рамках общей правовой системы, ее рассмотрению предшествует необходимость определения общественных обязанностей права, определения его значения и общественного назначения, определения основных определяющих направлений воздействия права, выражающих его связь с другими явлениями общественной действительности, социальные требования общества заключаются в том, что назначение права, которое может служить основой для создания законов, защищающих или регулирующих определенные отношения, закрепление, защита и развитие этих отношений более или менее четко выражаются только в потребностях, осуществление не юридических видов правовых норм влияет на сознание членов общества не напрямую, а через формирующееся представление о нормах поведения.*

***Ключевые слова:*** *привычки, эволюция природы, закономерности, природа, общество, динамика изменений, взаимодействие.*

*Since the article is a visible view of the tasks, meaning and public purpose of the norms of law, the allocation of these functions is carried out within the framework of the general legal system, its consideration is preceded by the need to determine the public duties of law, determine its meaning and public purpose, determine the main determining directions of the impact of law, expressing its connection with other phenomena of social reality, protecting or regulating certain relations, the consolidation, protection and development of these relations are more or less clearly expressed only in the needs, the implementation of non-legal types of legal norms affects the consciousness of members of society not directly, but through the emerging idea of norms of behavior.*

***Key words:*** *habits, evolution of nature, patterns, nature, society, dynamics of change, interaction.*

«Укуктун милдети» түшүнүгүн илимий изилдөөлөрдүн объектиси катарында кароо маселесинде бирдиктүү көз караштын жоктугунан улам аны талдоо аракеттеринин натыйжасында, укук милдеттеринин коомдук дайындалуу маанисин (В.Г. Смирнов, Т.Н. Радько ж.б.), же коомдогу жаралган мамилелерге таасир этүү багытын (С.А. Комаров, В.В. Лазарев ж.б.), же бул эки аныктаманын (А.И. Абрамов, М.И. Байтин ж.б.) синтези экендиги тастыкталууда. Мындай көз караштардын көптүгү, изилдөөчүлөрдүн бул маселени кароодогу колдонгон ар кандай методологиялык ыкмаларына байланыштуу болуп келүүдө [1].

Мисалы, О.Г. Цикаришвилинин укуктун милдеттеринин «мааниси жана коомдук дайындалышы боюнча аныкталган, укуктун коомдук чындыктын башка кубулуштары менен байланышын билдирген, негизги чечүүчү багыттагы таасири катары» деген [2] аныктамасында «укуктун милдети» деген терминдин жалпыланган түшүнүгүнүн эки негизги себептери;

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2021

коомдук дайындалышы жана коомдогу таасиринин багыты чагылдырылган. Таасирдин багыты – бул укуктун, коомдун өнүгүү жолунда пайда болуучу муктаждыктарга жооп катары болгон, ошондой эле, реалдуу муктаждыктарга басымдалган жана укуктук-ченемдик документтерде бекитилүүчү, укуктук саясаттын натыйжасы болуп саналат.

Коомдук өнүгүүнүн муктаждыктары укуктун дагы бир милдеттерине кирген коомдук дайындалуусун түзөт. Ал болсо, өз кезегинде, жарандык коомдун көз карандысыз институту катары, коомдук мамилелерди тартиптештирип, жөнгө салып, талаптуу туруктуулукту жана жарандардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууга зарыл шарттарды берет.

Укуктун милдети коомдук мамилелерди жөнгө салуу менен байланышкандыктан, ал адамдардын жүрүм-турумуна таасир берүүчү негизги багыттарды, алардын бири-бири жана башка коомдук институттар менен өз ара мамилелерин чагылдырып, укуктук ченемдердин иштөө механизмине жалпы мүнөздөмө бере алат.

Укук, коомдук өнүгүү жараянында келип чыгуучу карама-каршылыктарды чечүүчү жана алдын алуучу каражат катары пайдаланылат. Н.М. Коркунов өзүнүн «укуктун жалпы теориясы боюнча лекцияларында» аны, ар түрдүү кызыкчылыктардагы жана муктаждыктардагы адамдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салууга багытталган, анын бөлүүчү милдетин белгилейт [3].

Башка коомдук институттар менен катарлаш, укук, атайын каражаттарды колдонуу менен жалпы коомдук иш-милдетин аткарат. Укук тарыхый чындыктагы укуктун милдети жана максаты таасирге дуушар болуучу коомдук мамилелер менен өз ара шартталат. Укуктун милдеттеринин табияты жана мазмуну, коомдо иштеп жаткан коомдук жана укуктук кубулуштардын таасирин эске алуу менен аныкталат.

Т.Н. Радько, укуктун милдеттер системасынын, укуктук системанын өзү менен, тагыраак айтканда, анын түзүлүшүндөгү элементтери менен болгон өз ара байланышты баса белгилейт. Алардын негизинде, ал укуктун милдеттерин; – жалпы укуктук, тармактык аралык, тармактык, укуктук институттардын милдеттери, укуктук ченемдердин милдеттери [4] деп беш топту аныктайт.

Анын пикири боюнча, акыркы топко тийиштүү болгон укуктук ченемдердин милдеттеринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири туруктуулук жана динамизмдин шайкештиги. Анткени, иш-аракеттердин туруктуулук мүнөзү укуктун өнүгүү этаптарынын бириндеги милдеттердин колдонуу узактыгы менен аныкталып, бирок мазмуну, механизмдери жана жүзөгө ашыруу ыкмалары өзгөрүүгө тийиш. Милдеттер, укуктун ченемдери менен бирге өзгөрөт жана өнүгөт, бул алардын динамизминин көрүнүшү болуп саналат. Кийинки өзгөчөлүгү, алдына коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган жана укуктун ар бир тармагындагы юридикалык ченемдердин өтө маанилүү белгилерин чагылдырат. Радько укуктун коомдук компонентин укуктук ченемдин милдеттери аркылуу белгилеген. Кийинкиси, укук ченемдердин өз-алдынча институттардагы жана тармактардагы таасиринин багытын аныктайт жана ошол эле учурда, укуктук ченемдердин милдеттери укуктун негизги милдеттеринин мазмуну болуп саналат. Андан кийинкиси, укуктук ченемдеринин маанисин жана коомдук максатын аныктоочу милдеттери.

Укуктук ченем башка ченемдер сыяктуу эле, полифункционалдык сапатка ээ: ал бир эле убакта, укуктук жөнгө салуу объектилери катары болгон, укук түзүмүнүн жана коомдук мамилелердин системдүүлүк мүнөздөрү менен шартталган бир нече милдеттерди аткарат. Ушул себептен улам, ал, толугу менен коомдук мамилелерди жөнгө салуу боюнча коомдун жана мамлекеттин муктаждыктарын толук канааттандырууга жөндөмдүү.

Коомдук мамилелерди коргоо, укуктук ченемдердин маанилүүлүгү боюнча экинчи милдети болорун М.И. Байтиндин, О.В. Пискунованын, Ф.Н. Фаткуллинанын изилдөөлөрү тастыктайт. Мамилелерди коргоо бул, укуктун субъекттеринин кызыкчылыктарын коргоо боюнча укуктук ченемдердин түз же кыйыр таасирлерин түшүндүрөт [5].

Коомдук милдеттерди өзүнчө бир топко таандык кылуу бир маанидеги суроо эмес. Мисалы, В.Д. Филимонов укуктук ченемдердин милдеттерин классификациялоо критерийин, алардын коомдук багытында көрөт. Ушул критерий боюнча, укуктук ченемдерин милдеттери уюштуруучу жана коргоочу деп экиге бөлүштүрүлгөн. Уюштуруучулук милдети коомдук мамилелердин тармактарын тартиптештирүүгө жана колдоого багытталса, ал эми коргоочу милдети – калыптанган тартипти зыян келтирүүчү жүрүм-турумдан сактоо максатында түзүлгөн.

Уюштуруучу жана коргоочу милдеттердин жалпылыгы, алардын ар биринин курамына кайра калыбына келтирүүчү милдеттин киргендигинде болот. Ар бир укуктук ченемдин талаптары бузулушу мүмкүн, ошондуктан, бул милдет, ар кандай юридикалык айтылыштарга карабастан, бардык укуктук ченемдерге

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



тийиштүү.

Филимоновдун пикири боюнча, укуктук жөнгө салуу жараянында адамдарга болгон шыктандыруучу, тарбиялоочу жана башка таасирлери, укуктук ченемдердин өз алдынча милдеттери катары каралышы мүмкүн эмес. Ал же, «ченемдик жөнгө салуу жараянынын ажырагыс бөлүгү», же «андан келип чыккан көрүнүшү» [6] деп аныкталган.

Бирок, Г.Ю.Агафонова «укук деги коомдук көрүнүш» деген түшүнүгүнө байланыштуу мындай бөлүнүүнүн шарттуулугуна карабастан, коомдук мамилелердин белгилүү бир чөйрөлөрүнө болгон укуктук ченемдердин таасиринин деңгээлине жараша коомдук милдеттерди өз алдынча бирдик катары бөлүп караган [7]. Мындай көз караашты В.Н. Карташов, Н.А. Макарова ж.б. карманышкан.

И.Бентамдын аныктамасына ылайык, мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгү бул «негизин адилеттүүлүк түзгөн укуктук жүрүм-турумдун объективдүү түзүлүү жана өнүгүү түрү» болуп саналат [8]. Мындай абал Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинде, «адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин мааниси менен мазмунун аныктайт (1-бөл.). Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана камсыз кылат» (2-бөл.) деп бекитилген. Бул мамлекет тарабынан, адамдын жана жарандын эркиндиктерин жана укуктарын коргоону жана таанууну милдеттендирет [9].

Мындай милдеттик өзгөчөлүктөр конституциялык, жарандык жана кылмыш-процессуалдык укуктарынын ченемдерине да мүнөздүү. Мисалы, Кыргыз Республиксынын Конституциясынын 2-беренесинин 1-бөлүгүндө: «Кыргызстандын эли эгемендиктин ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир булагы болуп саналат» деп белгиленген [10]. Көрсөтүлгөн ченем өзүнүн декларативдүүгүнө карабастан, бул ченемди сактоо милдетин талап кылган, мамлекеттеги негизги күчтү аныктайт.

Укуктук ченемдердин ишке ашыруучу түрлөрүн классификациялоонун ийгиликтүүсүн Т.Н. Радько сунуштаган. Ал, укуктук таасирдин түрлөрүнө ылайык, ишке ашыруунун үч түрүн: маалыматтык; багыт алуучу; укуктук [11] деп аныктайт.

Мындай классификациялоо, укуктук (юридикалык жөнгө салуу) жана укуктук эмес (маалыматтык жана багыттоочу) деп, укуктук ченемдердин милдеттеринин таасирлеринин ортосундагы айырманы так айкындайт.

Укуктук ченемдер укуктук маалыматтын жалгыз эле башаты болуп саналбайт. А.В. Константинова алардан тышкары төмөнкү булактарды: а) «адилеттүүлүктүн, эркиндиктин, теңдиктин жана гуманизмдин генералдык идеяларынын» [12] негизинде мамлекет укуктук эрежелерди (же ченемдерди) түзөт жана ушул булактан негизги маалыматтарды алат; б) «түшүндүрмөлөөчү, укуктук пайдалануучу жана жарандардын укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруучу актылары» [13] белгилейт.

Аталган актылар түздөн-түз мааниде укуктук ченемдерди камтыбаганы менен, алардын ичиндеги жазылган маалыматтар укуктук мүнөздү алып жүрөт. Ошондуктан, түшүндүрмөлөөчү актылар, укуктун жаңы ченемдерин аныктабаганына карабай,учурда күчүндөгү укуктук ченемдерди чечмелөөчү жана колдонуучу маалыматтарды камтыйт. Ар бир укуктук пайдалануудагы акт жарандардын же уюмдардын укуктук милдеттенмелерин жүзөгө ашыруусу менен укуктук ченемдин ортосунда байланыштыруучу милдетти аткарат. Бул укуктук ченемдик актылардын маалыматтык жана уюштуруучулук мааниси болуп, конкреттүү кырдаал боюнча бийлик чечимдерин жалпы жоболор менен айкалыштыруу аркылуу, укуктук кепилдиктерди күчөтөт жана укуктук милдеттенмелерди кошумча бекемдейт.

Мыйзамдын сапаттуулугу, анын мазмунунун жана түрүнүн илимий негиздүүлүгү менен таанылат. Мыйзамдын сапаты өзүнө «мыйзамдын укуктук мүнөзүн чагылдырган коомдук жана юридикалык касиеттерин» камтыйт. Ал эми мыйзамдын укуктук негизи болсо, өз кезегинде, юридикалык жактардын ишмердүүлүгүнүн укуктук мүнөзүн камсыздоочу жана практикалык натыйжаларга жетишүүгө көмөк көрсөтүүчү, юридикалык түрүнүн өрнөгүнө жана мыйзамдын максатына ылайык болгон, укуктук көрсөтмөлөрдүн коомдук шайкештик жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Юридикалык адабиятта аныктоочу көрсөтмөлөр ондоп саналганы менен В.С.Комаровскийдин аныктамасы алардын эң ийгиликтүүсү. Анын айтымында, социалдык крөсөтмө - бул «инсандын коомдук объектилерге болгон реакциясынын белгилүү түрдөгү калыптанган даярдыгы: инсандын, башкача эмес, белгилүү бир жол менен, тезинен ошол объектти карай аракеттенүүсүн ойготкон шыктуулугу. Бул калыптанган, ич ара шайкештелген реакциялардын «синдрому», көрсөтмө менен байланышкан коомдук

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



объектке (объекттерге) карата болгон инсандын реакцияларынын белгилүү катары [14].

Укуктук ченемдердин юридикалык эмес түрлөрүнүн жүзөгө ашырылуусу, коомдун мүчөлөрүнүн аң-сезимине түзүнөн эмес, жүрүм-турумдун ченемдери жөнүндөгү калыптанып жаткан пикири аркылуу таасир этет.

Ошондой эле, укуктук жөнгө салуу да, укуктук ченемдерди жүзөгө ашыруунун маанилүү түрү болуп саналат. Ченемдик эрежелердин түрлөрү боюнча Радько - колдонуучу, аткаруучу, сактоочу деп укуктук ченемдердин жүзөгө ашырылуучу үч түрүн [15] бөлүп чыгарган.

Укуктук ченемдерди пайдалануу же жүзөгө ашыруу, укуктук уруксат берүүчү ченемдер үчүн мүнөздүү болгондуктан, алар коомдук мамилелердин субъектилеринин мүмкүнчүлүктөрүн турмушка ашырууну камсыз кылуучу болуп саналарын билдирет (жарандардын шайланууга жана шайлоого, жеке менчик мүлккө ээ болуу, ишкердик жүргүзүү ж.б.у.с. мүмкүнчүлүк берүүчү ченемдердин жүзөгө ашырылуучу түрү). Ошентип, укуктук ченемдер укук сыяктуу эле, өзүнө таандык милдеттери аркылуу чын болмушка өзгөчөлөнгөн, бирдиктүү, объективдүү жана прогрессивдүү таасир этет. Укуктук ченемдердин милдеттеринин коомдук мамилелерге болгон таасири, аларды жүзөгө ашыруунун маалыматтоочу, багыттоочу жана укуктук түрлөрү аркылуу аткарылат. Демек, булардын өтө өгөчөлөнүшү жана коомдук жашоодо ар кандай чагылдырылышы тиешелүү методикалык куралдардын жардамы менен ар бирин өз алдынча изилдөө зарылдыгын шарттайт.

**Адабияттар:**


1. Карташов В.Н. Функции правовой системы общества: определения и классификации / В.Н.Карташов // Вестник Ярославского гос-ного университета им. П.Г.Демидова. Серия гуманитарные науки. -2009.- № 4. с. 29-32.
2. Цикаришвили О.Г. Охранительная функция российского права: авто-реф. дис. к.ю.наук: 12.00.01./ Цикаришвили Ольга Гивиевна. - Саратов, 2008. - С. 26.
3. Коркунов Н.М. Лекции по общей теории права / Н.М. Коркунов. - М.: Российская политическая энциклопедия (РОССПЭН), 2010. - 520 с.
4. Радько Т.Н. Понятие и виды функций социалистического права / Пискунова О.В. Функции норм российского права: автореф. дисс. … к-та юр. наук: 12.00.01 / Пискунова Ольга Владимировна. - Саратов, 2013. - 26 с.
5. Филимонов В.Д. Норма права и ее функции / В.Д. Филимонов // Государство и право. - 2007. - № 9. - С. 5-12.
6. Агафонова Г.Ю. К вопросу о системе функций права / Г.Ю. Агафонова // Юридический аналитический журнал. - 2002. - № 3. - С. 3-8.
7. Бентам И. Избранные сочинения Иеремии Бентама / И.Бентам; пер.: А.Н. Неведомский, А.Н. Пыпин. - М.: Оникс, 2012. - 748 с.
8. Конституция Кыргызской Республики офиц. текст. - М.: Изд-во «Омега-Л», 2012. - 63 с.
9. Конституция Кыргызской Республики офиц. текст. - М.: Изд-во «Омега-Л», 2012. - С.-3.
10. Радько Т.Н. Методологические вопросы познания функций права / Т.Н. Радько. - Волгоград: НИиРИО ВСШ МВД СССР, 1974. - 151 с.
11. Константинова А.В. Особенности информационного воздействия права на личность / А.В. Константинова // Вестник Волгоградской академии МВД России. - 2010. - № 1. - С. 12-19.
12. Константинова А.В. Особенности информационного воздействия права на личность / А.В. Константинова // Вестник Волгоградской академии МВД России. - 2010. - №1. - С. 14.
13. Комаровский В.С. Некоторые проблемы измерения социальных установок / В.С. Комаровский // Вопросы философии. - 1970. №7. - С. 24-26.
14. Радько Т.Н. Понятие и виды функций социалистического права / Т.Н. Радько. - Волгоград: НИиРИО ВСШ МВД СССР, 1974. - С. 265.